КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН САЛАМАТТЫК САКТОО МИНИСТРЛИГИ







# АБИТУРИЕНТТЕР ҮЧҮН МААЛЫМАТ БАРАКЧАСЫ

## МЕДАЙЫМДЫК ИШ АДИСТЕРИН ДАЯРДОО БОЮНЧА ЖАҢЫ ПРОГРАММА









# *Кадырлуу дос!*

Бул басылма «Медайымдык иш» адистиги жөнүндө ойлонуп келе жатышкан абитуриенттерге арналган. Басылма аркылуу биз заманбап кесипчилик стандарттарга ылайык келтирилип, мазмуну жагынан кыйла жакшыртылган жаңы программа тууралуу такай берилип келе жаткан суроолорго жооп берүүгө аракет кылдык. Белгилей кетчү нерсе, аталган программа Кыргыз Республикасынын айрым бир медициналык колледждеринин колдонуусуна киргизилет.

Колуңуздагы брошюра сиз үчүн пайдалуу болот жана андан өзүңүздү кызыктырып келген суроолорго жооп табасыз деп ишенебиз.

# *Жаңы программа боюнча окутуу: суроолор жана жооптор*

## 1 *Пилоттук программанын маани-мазмуну жана анын колдонуудагы программадан айырмачылыгы?*

Жаңы программанын мурдагы, тагыраак айтканда колдонуудагы программадан негизги айырмачылыгы – бул анын мазмуну. Ал эл аралык мейкиндикке интегралдашкан, башкача айтканда предметтердин тизмеси эл аралык стандарттарга жакын. Ошондой эле ал клиникалык практикага багытталган. Мындай шартта өтүлүүчү сабактардын 50% клиникалык базаларда өткөрүлөт жана аларга иш үстүндө жүрүшкөн медайымдардын арасынан тандалып алынган клиникалык насаатчылар катышат.

## 2 *Жаңы пилоттук программанын бүтүрүүчүлөрү үчүн кандайдыр бир артыкчылыктар каралганбы? Болсо, ал артыкчылыктар кайсылар?*

Жаңы пилоттук программанын бүтүрүүчүлөрү үчүн төмөкүдөй артыкчылыктар каралган:

- Атаандаштыкка жөндөмдүүлүк;
- Тереңдетилген практикалык көндүмдөр;
- Эл аралык кесипчилик коомчулукка тез интеграциялануу перспективасы;
- Алдын ала даярдыгы жок эле бардык саламаттык сактоо уюмдарында (ооруканаларда, поликлиникаларда ж.б.) иштеп кетүү мүмкүнчүлүгү. Эгерде мурдагы окуулар негизинен стационарда (ооруканада) өтсө, жаңы программа көбүнчө практикага жана баштапкы медициналык-санитардык жардам деңгээлине (поликлиникага) багытталган.

- Өз алдынча ынанымдуу кесиптик ишмердүүлүк кылууга (медайымдык кабыл алуулар, медайымдык диагноз коюу) мүмкүнчүлүк берүүчү компетенцияларга ээ болуу.

## 3 *Аталган программа боюнча окууну аяктагандан кийин кандай документ берилет? Мындай документ эски үлгүдөгү документтен эмнеси менен айырмаланат?*

Пилоттук программа аяктагандан кийин колледждин бүтүрүүчүлөрүнө мамлекеттик үлгүдөгү орто кесиптик билими тууралуу диплом берилет жана «медициналык айым/медициналык ага» квалификациясы ыйгарылат.

Дипломдун учурда колдонулуп жаткан үлгүдөн эч кандай айырмачылыгы жок.

## 4 *Окууну аяктагандан кийин колледж жумушка орношууга жардам береби?*

Саламаттык сактоо министрлиги – медициналык колледждердин негизги уюмдаштыруучусу жана адистерди даярдап чыгаруунун заказчысы катары бюджеттик формада билим алышкан бүтүрүүчүлөрдү бош орундар бар мамлекеттик саламаттык сактоо уюмдарына бөлүштүрөт.

Мындан сырткары, нускоочулар, медайымдар жана дарыгерлер менен биргеликте саламаттык сактоо уюмдарында практика өтөө жана биргелешип иш алып баруу ар бир бүтүрүүчү үчүн келечектеги иш ордун аныктап алууга жана ага жараша ишке орношууга жакшы мүмкүнчүлүк берет.

## 5 *Бүтүрүүчүлөр чет мамлекетке жумушка орношо алышабы?*

Ошол өлкөнүн тиешелүү талаптарын аткарган учурларда (сертификация, окуу сааттарындагы айырмаларды тапшыруу, улуттук тилди билүү деңгээли боюнча экзамен тапшыруу ж.б.) окуу жайдын бүтүрүүчүлөрү чет өлкөгө жумушка орношо алышат. Бардык өлкөлөрдүн өз талаптары бар болгондуктан, алардын аткарылышы практикалык иш аткаруу үчүн уруксат алууга мүмкүндүк берет.

## 6 *Медициналык колледжге тапшырууда жалпы республикалык тестирлөөнүн (ЖРТ) жыйынтыктары каралабы?*

Толук орто билимге ээ (11-класстан кийин) абитуриенттерге гана окуу жайга тапшырууга уруксат берилгендигине карабастан, бүгүнкү күндө колледжге окууга тапшыруу үчүн ЖРТ талап кылынбайт.

## 7 *Медициналык колледжге тапшыруу үчүн кайсы экзамендерди тапшыруу керек?*

Ар бир колледждин талаптарына ылайык абитуриенттерди кабыл алуу ички экзамендердин негизинде жүргүзүлөт. Экзамен компьютердик же бланктык тестирлөө түрүндө тандап алган предметтер – биология жана химия боюнча өтөт.

## 8 *Медициналык колледжди аяктагандан кийин ЖОЖго тапшырууга кандай мүмкүнчүлүктөр жана шарттар каралган?*

Медициналык колледждин бүтүрүүчүлөрү жогорку медайымдык билим алуу үчүн ЖОЖго ташшыруу мүмкүнчүлүгүнө ээ.

Бирок башка факультеттерге өтүү үчүн алгач ЖРТ тапшыруу зарыл. Тиешелүү балл алгандан кийин медициналык колледждин бүтүрүүчүсү ЖОЖго жалпы негизде өтөт.

## 9 *Окуу процессинин жүрүшүндө башка медициналык колледжге которулуп кетүүгө болобу?*

Аталган жаңы программаны жүзөгө ашырып жатышкан пилоттук колледждердин чегинде гана башка медициналык колледжге которулууга мүмкүн. Пилоттук колледждер:

1. Бишкек медициналык колледжи,
2. Токмок медициналык колледжи,
3. ОшМУга караштуу Өзгөн эл аралык медициналык колледжи,
4. Нарын медициналык колледжи.

## 10 *Контракттык негизде окуп жаткан студент бюджеттик формага кантип өтсө болот?*

Студенттерди которуу жана окуудан чыгаруу жөнүндө жобого ылайык, контракттык негизде билим алып жатышкан улан-кыздар бюджеттик формага которула алышпайт.

## 11 *Студенттер өз практикаларын кайдан өтүшөт?*

Студенттер өз практикаларын медициналык колледжге бекитилген клиникалык базаларда (ооруканалар, поликлиникалар) өтүшөт, практикага медайымдар жетекчилик кылат.

## 12 *Окуу канча убакытка созулушу мүмкүн?*

Жаңы пилоттук программа боюнча окутуу мөөнөтү 3 академиялык жылды түзөт.

## 13 *Колледжге тапшыргандар үчүн жатакана каралганбы?*

Жатакана берүү боюнча ар бир медициналык колледждин өз мүмкүнчүлүктөрү жана эрежелери бар.

## 14 *Студенттер үчүн стипендия каралганбы?*

КР Өкмөтүнүн токтомуна ылайык, стипендия бюджеттик негизде окуган жана орто аттестациянын жыйынтыгы боюнча «эң жакшы» деген баага ээ болгон студенттерге ыйгарылат. Кеңири маалымат алуу үчүн колледждин администрациясына кайрылууну сунуштайбыз.

## 15 *Медициналык колледждердеги окуунун баасы канча турат?*

Окуунун баасы ар бир медициналык колледждин баа саясатына жараша болот. Орточо эсеп менен алганда ал бир академиялык жыл үчүн 25 000 сомдон 31 000 сомго чейин.

## *Толугураак маалымат алуу үчүн кайда кайрылсам болот?*

Медициналык колледжге тапшыруу боюнча кеңири маалымат алуу үчүн төмөнкү дарекке кайрылсаңыз болот:

Бишкек медициналык колледжи,
Бишкек шаары, Логвиненко көч., 18

+996 (312) 30 09 08
+996 (312) 30 10 84
+996 (312) 30 02 43

Токмок медициналык колледжи,
Токмок шаары, Гагарин көч., 144

+996 (3138) 6 18 70
+996 (3138) 3 43 93
+996 (3138) 3 43 28
+996 (755) 13 02 60

Нарын медициналык колледжи,
Нарын шаары, Сагынбай Орозбаков көч., 34

+996 (3522) 5 17 46
+996 (709) 16 77 37

ОшМУга караштуу Өзгөн эл аралык медициналык колледжи, Ош ш, Ленин көч., 331

+996 (3222) 4 73 13
+996 (3233) 5 30 44
+996 (777) 28 09 85

## *MER долбоору жөнүндө учкай кеп*

«Кыргыз Республикасындагы медициналык билим берүүнү реформалоо» долбоорунун (MER – Medical Education Reforms долбоору) үчүнчү фазасы Швейцариялык өнүктүрүү жана кызматташтык боюнча башкармалыктын (SDC) колдоосу менен медициналык билим берүүдөгү реформаларды андан ары өнүктүрүүгө багытталган. Максаты – орто медайымдык билим берүү деңгээлиндегилер менен бирге саламаттык сактоо тармагындагы башка кадрлардын потенциалын жана сапатын жогорулатуу.

Мындан сырткары, MER долбоору медициналык билим берүүнүн көбүнесе практикалык саламаттык сактоо менен интегралдашуусуна басым жасайт. Бул өз кезегинде баштапкы медициналык-санитардык жардамдын потенциалын чыңдоону, саламаттык сактоо системасында өткөрүлүп жаткан реформаларга жигердүү катышууну максат кылат.

Instagram:
**@mer.project**

Биздин сайт:
**www.ime.kg**

Facebook:
**@MER.Project**

Youtube:
**MER Project**

*Байланыш маалыматтары:*

720040, Кыргыз Республикасы,
Бишкек шаары, Раззаков көч., 19, 805-кеңсе
Тел.: +996 312 398 296

*Бул QR-кодду уюлдук телефондун жардамы менен сканерден өткөрүп, медайымдык иш адистеринин ишине арналган видеороликти көрүңүз.*

MER SWISS PROJECT

Schweizerische Eidgenossenschaft
Confédération suisse
Confederazione Svizzera
Confederaziun svizra

Swiss Confederation

*Бул басылма Швейцариялык өнүктүрүү жана кызматташуу боюнча башкармалыгы аркылуу Швейцария Конфедерациясынын Өкмөтү тарабынан каржылануучу «Кыргыз Республикасындагы медициналык билим берүүнү реформалоо» долбоорунун колдоосу менен даярдалып, басылып чыкты.*






БИШКЕК 2022



